# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ИЧКИ АУДИТ КЫЗМАТЫНЫН ТҮШТҮК РЕГИОНУ БОЮНЧА АЙМАКТЫК БӨЛҮМҮ

## АУДИТОРДУК ОТЧЕТ

**Жалал-Абад шары** **2023-жыл үчтүн айынын 30**

**Аудит жүргүзүүнүн негизи:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматынын 2023-жылдын 25-январындагы №24 сандуу буйругу.

**Аудиттин максаты:**

Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 2020-2023-окуу жылдарында окуган чет элдик жарандар тарабынан окуу үчүн келип түшкөн акча каражаттардын толуктугу жана максаттуу иштетилиши боюнча тематикалык аудит жүргүзүү.

Текшерүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматынын түштүк региону аймактык бөлүмүнүн башкы инспектору Калил уулу Майрамбек тарабынан Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору К.Ж.Усеновдун макулдугу жана башкы эсепчиси Ж.Ж.Ташболотовдун катышуусунда жүргүзүлдү.

**Аудит камтыган мезгил:** 2020-жылдын 1-январынан баштап 2022-жылдын 31-декабрына чейин.

**Аудиттин обьекти:** Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Жалал-Абад мамлекеттик универстиети (мындан ары Мекеме). Мекеме, юридикалык жактан Жалал-Абад шаарынын Ленин көчөсү №57 дарегинде жайгашкан, ал эми аныгында Ленин көчөсү №25.
Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Жалал-Абад облусунун юстиция башкармалыгында юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн №43123-3303-М-е.

**Аудитордук мезгилде кредиттерди башкарган жана отчеттук маалыматтардын ишенимдүүлүгү үчүн жооптуу болуп төмөнкүлөр саналат:**
Бардык финансылык (банк, касса) жана башка документтерге биринчи (негизги) кол коюу укугу менен (аудит камтыган мезгилде)

- биринчи кол коюу укугу менен: Мекеменин ректору – профессор К.Ж.Усенов аудит камтыган бардык мезгилде.

-экинчи кол коюу укугу менен: аудит камтыган мезгилдин башынан 2021-жылдын 22-январына чейин башкы эсепчи - Д.Э.Кадырбаева, 2021-жылдын 22-январынан аудит камтыган мезгилдин аягына чейин башкы эсепчи - Ж.Ж.Ташболотов.

**Колдонууга алынган Кыргыз Республикасынын укук ченемдик актылары:**

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 сандуу мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 Токтому менен бекитилген “**Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобо**
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №370 токтому менен бекитилген “**Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоонун” Тартиби;**
- Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жобосу (Официалдуу тилде);

Аудитте Эл аралык аудит стандартынын **“2300-аудитордук тапшырманы аткаруу”** стандарты жетекчиликке алынды.

Аудиттин жүрүшүндө төмөнкүлөрдү белгилеймин:

Мекемеде чет элдик жарандар толугу менен контракттык негизде окутулат жана алардын прейскуранты Мекеменин камкорчулар кеңеши тарабынан макулдашылып, Мекеменин ректору тарабынан бекитилет. Ал эми прейскурант Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 44-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №370 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоонун” тартибинин негизинде Мекеменин экономисттери тарабынан иштелип чыгат. Прейскурант ар бир курска, факультетке карап иштелип чыгат жана анда өлкөбүздүн жарандарынын, КМШ өлкөлөрүнүн жарандарына, чет өлкөнүн жарандарына карата жана окуу курстарынын окуу тартибине (күндүзгү жана сырттан окуу) карата баалар түзүлөт. 2020-2021-окуу жылына карата бекитилген прейскурантка ылайык алыскы чет элдик студенттерге жогорку билим алуу үчүн бекитилген тарифтин эң төмөнкү баасы 53 000,00 сом жана эң жогорку баасы 120 000,00 сом. 2021-2022-окуу жылына карата бекитилген прейскурантка ылайык алыскы чет элдик студенттерге жогорку билим алуу үчүн бекитилген тарифтин эң төмөнкү баасы 79 500,00 сом жана эң жогорку баасы 150 000,00 сом. 2022-2023-окуу жылына карата бекитилген прейскурантка ылайык алыскы чет элдик студенттерге жогорку билим алуу үчүн бекитилген тарифтин эң төмөнкү баасы 53000,00 сом жана эң жогорку баасы 250 000,00 сом.

Мекеменин ректору - профессор А.Б.Абдрашев мекеменин атынан 2015-жылдын 27-июнунда “Ворлд Чойс Итернэшнл Эдьюкейшн Консультант” жоопкерчилиги чектелген коомунун атынан коомдун өкүлү Мухаммад Шоиб Шахид Нур Мухаммад менен эки тараптуу эксклюзивдик келишим түзгөн. Келишимдин мөөнөтү 6 (Алты) жыл.

2021-жылдын 27-июнунда ушул эле ЖЧК менен коомдун директорунун атынан Р.Р.Шакиров жана Мекеменин атынан анын ректору - профессор К.Ж.Усенов менен кайрадан эксклюзивдик келишим 6 (алты) жылдык мөөнөткө түзүлгөн. Келишимге ылайык алыскы чет өлкөдөн студенттер бир гана аты аталган фирма аркылуу келишет. Мекеме 28.10.2022-жылы Эл аралык "Көз карандысыз аккредитациялоо жана рейтинг агенттиги" мекемесинен сертификат алган. Сертификатын мөөнөтү 3 жыл жана 27.10.2025-жылга чейин жарактуу. Бирок, "Ворлд Чойс Итернэшнл Эдьюкейшн Консультант" жоопкерчилиги чектелген коомунун аккредитациядан өткөндүгү тууралуу маалыматты Мекеме көрсөтө албады. Ал эми эксклюзивдик келишим түзүү процессине Мекеменин ректоратынын башкаруу персоналынын катышуусу аркылуу түзүлөт.

**Белгилеймин,** эксклюзивдик келишимде тараптардын милдеттери боюнча ЖЧК алып келген студенттердин ден соолугунун абалы боюнча №086 форманы ЖАГУга камсыздап берүү жагы белгиленгени менен аудит учурунда тандалма ыкма менен студенттердин өздүк делолорунда жок болуп чыкты. Ал эми келишимге ылайык ар бир чет элдик студенттерден №086 формадан тиешелүү саламаттык сактоо мекемесине кеминде жылына 1,0 млн сомдон кем эмес каражат түшмөк.

Мекемеден (Эсеп бөлүмү) "Ворлд Чойс Итернэшнл Эдьюкейшн Консультант" ЖЧКсынын өкүлдөрүнөн тиешелүү документтерди көрүү максатында чакыртып берүү жагы суралганы менен камсыз кылынбады.

КМШ өлкөлөрүнөн келген студенттердин ар бири менен Мекеме индивидуалдык келишим түзөт.

Жалпысынан, 2020-2021-окуу жылында Мекемеде 7906 студент билим алган анын ичинен жакынкы жана алыскы чет элдик студенттердин саны 3522 түзгөн.

2021-2022-окуу жылында Мекемеде 6981 студент билим алган анын ичинен жакынкы жана алыскы чет элдик студенттердин саны 2996 түзгөн.

2022-2023-окуу жылында Мекемеде 6535 студент билим алган анын ичинен жакынкы жана алыскы чет элдик студенттердин саны 3225 түзгөн.

2019-2020-окуу жылдарында, Мекемеде, алыскы чет өлкөдөн билим алган студенттердин жалпы саны 1967 түзгөн. Анын ичинен Индия Элдик Республикасынан 1835, Пакистан Ислам Республикасынан 122, Туркия Республикасынан 2, Бангладеш Элдик Республикасынан 5, Австралия Шериктештигинен 1, Америка Кошмо Штаттарынан 1 жана Египет Араб Республикасынан 1 студент.

2020-2021-окуу жылдарында, Мекемеде, алыскы чет өлкөдөн билим алган студенттердин жалпы саны 2296 түзгөн. Анын ичинен Индия Элдик Республикасынан 2119, Пакистан Ислам Республикасынан 171, Туркия Республикасынан 1, Бангладеш Элдик Республикасынан 3, Америка Кошмо Штаттарынан 1 жана Египет Араб Республикасынан 1 студент.

2021-2022-окуу жылдарында, Мекемеде, алыскы чет өлкөдөн билим алган студенттердин жалпы саны 2970 түзгөн. Анын ичинен Индия Элдик Республикасынан 2376, Пакистан Ислам Республикасынан 577, Туркия Республикасынан 1, Бангладеш Элдик Республикасынан 15, Египет Араб Республикасынан 1 студент.

**2019-2020-окуу жылына чет** элден келип окуган студенттерден түшө турган акча каражат смета боюнча 254 973,9 миң сомго мерчемделген. Анығында келип түшкөн каражат 251 691,3 миң сомду түзгөн жана мерчемделген смета 3 282,6 миң сомго аткарылбай калган же болбосо мекеменин чет элден келген студенттерден түшүүчү каражатынан бюджеттик жоготуулар 1,3% түзгөн.

2020-2021-окуу жылына чет элден келип окуган студенттерден түшө турган акча каражат смета боюнча 402 397,0 миң сомго мерчемделген. Анығында келип түшкөн каражат 395 661,3 миң сомду түзгөн жана мерчемделген смета 6 735,7 миң сомго аткарылбай калган же болбосо мекеменин чет элден келген студенттерден түшүүчү каражатынын эсебинен бюджеттик жоготуулар 1,7% түзгөн.

2021-2022-окуу жылына чет элден келип окуган студенттерден түшө турган акча каражат смета боюнча 454 250,0 миң сомго мерчемделген. Анығында келип түшкөн каражат 358 203,8 миң сомду түзгөн жана мерчемделген смета 96 046,2 миң сомго аткарылбай калган же болбосо мекеменин чет элден келген студенттерден түшүүчү каражатынан бюджеттик жоготуулар 21,1% түзгөн.

Бюджеттик жоготуулардын эсеби жыл сайын Мекеменин экономисти тарабынан сметаны мерчемдөөдө коюлуп келет. 2020-жылга 41496,2 миң сом, 2021-жылга 28170,7 миң сом жана 2022-жылга 25982,3 миң сомдук бюджеттик жоготуу мерчемделген. Аудит камтыган мезгилдеги мерчемделген бюджеттик жоготуулардын суммасы 95 649,2 миң сомду түзгөн.

Жалпысынан 3 жылда Мекеме чет элдик студенттер төлөй турган контракттардан 106,1 млн сомдук бюджеттик жоготууга учураган. Бул каражаттар окуудан четтетилген (окуудан чыгарылган) студенттердин эсебинен түшпөй калган каражаттар.

2020-2021-2022-окуу жылдарында жалпысынан алыскы чет өлкөдөн (Индия, Пакистан 75333 студент окуудан бошотулган. Студенттерди окуудан бошотуу тиешелүү далил кагаздар менен жүргүзүлгөн (Рапорт, жеке арыз).

**Жылдык отчеттук №4** формага ылайык 2020-жылдын 31 декабрына карата: 2020-жылга 132,4 млн сом калдык менен өткөн. Жыл ичинде 426,4 млн сом келип түшкөн. Жыл ичинде эмгек акы 183,3 млн сомду түзгөн, соцфондго чегерүү 24,3 млн сом же эмгек акыга чыгымдалган каражат - жалпы келип түшкөн каражаттын 49,7% түзгөн.

2021-жылдын 31 декабрына карата: 2021-жылга 308,1 млн сом калдык менен өткөн. Жыл ичинде 496,9 млн сом келип түшкөн. Жыл ичинде эмгек акы 193,4 млн сомду

түзгөн, соцфондго чегерүү 33,9 млн сом же эмгек акыга чыгымдалган каражат - жалпы келип түшкөн каражаттын 45,7% түзгөн.

2022-жылдын 31 декабрына карата: 2022-жылга 530,9 млн сом калдык менен өткөн. Жыл ичинде 481,6 млн сом келип түшкөн. Жыл ичинде эмгек акы 261,4 млн сомду түзгөн, соцфондго чегерүү 49,0 млн сом же эмгек акыга чыгымдалган каражат - жалпы келип түшкөн каражаттын 64,5% түзгөн.

**Белгилеймин,** 2023-жылдын 27-январында Мекеменин медициналык окутуу кампусуна барып студенттер менен сүйлөшүү (англис тилин билген котормочу аркылуу) жүргүзүлдү. 2-3 жана 4-курстун (11студент) студенттери контракт боюнча маалыматыбыз жок деп оозеки айтышты. Ал эми 1-курстун студенттери (5 студент) 1 семестрде 5500 АКШ долларды жана 2 семестрде 3500 АКШ долларды (жалпысынан 9000 АКШ доллар) ата энеси жергиликтүү фирмага төгөөрүн оозеки айтып өтүштү. Анын ичинен болжол менен 3000 АКШ доллары жатаканага, тамак ашына жана кийимдерди жууп тазалоо кызматтарына кетет, ал эми калган каражат боюнча маалыматыбыз жок деп айтышты. Сүйлөшүү жүргүзгөн студенттердин (Индия Элдик Республикасы) дээрлик бардыгы Мекемеге төгө турган бир жылдык контракттын суммасын билбегендигин айтышты. Бирок, мекеме ар бир студент менен индивидуалдык келишим түзөт жана келишимде контракттын наркы жана студенттин колу коюлуп турат. Мындан келди, алыскы чет өлкөдөн келип окуган студенттер, Мекеме менен түзгөн келишиминин мазмуну менен тааныш эмес. Студенттер менен түзүлгөн келишимдер Мекемеде официалдуу жана англис тилдеринде (Орус тили) жүргүзүлүп келет.

Окутуу үчүн акча каражаты (Контракттын негизинде) Мекеменин атайын каражаттар боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Казына бөлүмүндө ачылган эсептик счетуна келип түшөт. Мекеменин атайын эсептик счету 4408011103002212. Текшерүү жүргүзүүгө бөлүнгөн убакыттын өкчөлүү болгондугуна байланыштуу 2020-2021-2022 -жылдарда атайын каражаттардын максаттуу иштетилиши каралбады.

Аудитордук отчет 3 нускада түзүлдү жана бир нускасы Мекемеге тапшырылды

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматынын түштүк региону боюнча аймактык бөлүмүнүн башкы инспектору** **М.Калил уулу**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору** **К.Ж.Усенов**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башкы эсепчиси** **Ж.Ж.Ташболотов**